**ПЕДАГОГИКА-ПСИХОЛОГИЯ**

УДК: 373.24
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/1-172-177

**Абдраева Н.Э.**
доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
tanzirek@list.ru
**Жуматаева А.С.**
доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
asylguljumataeva@gmail.com

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАСЫНЫН БААЛУУЛУКТАРЫ БАШТАЛГЫЧ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫН РУХАНИЙ-АДЕПТИК ТАРБИЯЛООНУН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗИ КАТАРЫ

**Аннотация.** Кыргыз элинин руханий дүйнөсү, адептик баалуулуктары кылымдар бою элдик педагогиканын негизинде калыптанган. Глобалдашуу процессинде жаш муунду руханий-адептик жактан тарбиялоо маселеси өзгөчө мааниге ээ болууда. Элдик педагогика – бул тарбиянын жаратылышы менен айкалышкан, улуттук менталитетти, этно-маданий дөөлөттөрдү, үрп-адаттарды, каада-салттарды өз ичине камтыган системалуу тарбиянын формасы. Ошондуктан, башталгыч класстын окуучуларынын инсандык калыптанышында элдик педагогиканын ордун теориялык жактан негиздеп берүү – илимий жана практикалык мааниси бар актуалдуу маселе. Азыркы шартта коомдук өнүгүүнүн сапаты, адамдык ресурстардын баалуулугу – жаш муунду руханий-адептик жактан туура тарбиялоого байланыштуу. Кыргыз элдик педагогикасындагы адептүүлүк, улууларды урматтоо, кичүүлөргө ызат көрсөтүү, эне тилди жана ата-бабанын салтын сактоо сыяктуу баалуулуктар башталгыч мектеп билим берүү системасында балдардын инсандык сапаттарын калыптандыруунун түпкү негизи болуп саналат. Макалада ушул жана башка маселелер тууралуу баяндалат.

**Негизги сөздөр:** педагогика, инсан, этика, адеп-ахлак, тарбия, аң-сезим, адептүүлүк.

**Абдраева Н.Э.**
доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
tanzirek@list.ru
**Жуматаева А.С.**
доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
asylguljumataeva@gmail.com

# ЦЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКИ КАК ТЕОРЕТИЧЕСКАЯ ОСНОВА ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

**Аннотация.** Духовный мир, нравственные ценности кыргызского народа веками формировались на основе народной педагогики. В процессе глобализации особое значение приобретает вопрос духовно-нравственного воспитания подрастающего поколения. Народная педагогика-это форма систематического воспитания, сочетающая в себе национальный менталитет, этнокультурные ценности, обычаи, традиции в сочетании с природой воспитания. Поэтому теоретическое обоснование места народной педагогики в формировании личности учащихся начальных классов – актуальный вопрос, имеющий научное и практическое значение. В современных условиях качество общественного развития, ценность человеческих ресурсов – все зависит от правильного духовно-нравственного воспитания подрастающего поколения. Такие ценности в Кыргызской народной педагогике, как порядочность, уважение к старшим, забота о младших, сохранение родного языка и традиций предков, являются основой формирования личностных качеств детей в системе начального школьного образования. В статье рассказывается об этих и других вопросах.

**Ключевые слова:** педагогика, личность, этика, мораль, воспитание, сознание, порядочность.

**N.E. Abdraeva**
Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
tanzirek@list.ru
**A.S. Zhumataeva**
Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
asylguljumataeva@gmail.com

# THE VALUES OF KYRGYZ FOLK PEDAGOGY AS A THEORETICAL BASIS FOR THE SPIRITUAL AND MORAL EDUCATION OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

**Annotation.** The spiritual world and moral values of the Kyrgyz people have been shaped for centuries on the basis of folk pedagogy. In the process of globalization, the issue of spiritual and moral education of the younger generation is of particular importance. Folk pedagogy is a form of systematic education that combines national mentality, ethnocultural values, customs, traditions in combination with the nature of education. Therefore, the theoretical justification of the place of folk pedagogy in the formation of the personality of primary school students is an urgent issue of scientific and practical importance. In modern conditions, the quality of social development and the value of human resources all depend on the proper spiritual and moral education of the younger generation. Such values in Kyrgyz folk pedagogy as decency, respect for elders, caring for the younger, preserving the native language and ancestral traditions are the basis for the formation of personal

qualities of children in the primary school education system. The article discusses these and other issues.

**Keywords:** pedagogy, personality, ethics, morality, upbringing, consciousness, decency.

Кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарын башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик тарбиялоонун теориялык негизи катары иликтөө жана педагогикалык процессте пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү актуалдуу маселе болуп саналат.

Изилдөөнүн актуалдуулугу улуттун жана мамлекеттин өзөктүү документтеринде белгиленген кырдаалдар, милдеттер менен байланыштуу. Кыргыз Республикасынын Конституциясын [1], Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө", "Физкультура жана спорт жөнүндө", "Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө" мыйзамдарын [8, 9] жана Кыргыз Республикасынын Президентинин "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө" Жарлыгын [10] ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасында инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу концепцясыны иштелип чыккан. Адеп дегенибиз − адамдын жүрүм-турум нормасын аныктоочу моралдык эреже жөнүндөгү этикалык түшүнүк. Адептик тарбия деп − аңсезимди, адептүү жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандырууну жана адептик ыкмаларды максатка ылайык өнүктүрүүнү айтабыз. Адептик-рухий тарбия аркылуу эң жогорку баалуулуктар, терең мааниси бар түшүнүктөр баланын аң-сезимине, жүрөгүнө жеткирилет. С.И. Ожеговдун сөздүгүндө: "Адептүүлүк – адамдын рухий дүйнөсүнүн коомдо, үй-бүлөдө жашоодогу жүрүм-турум эрежелерин аныктоочу сапаты, аны аткаруунун, кылыкжоругунун калыптанышы"-деп белгиленет. В.А. Сухомлинскийдин пикири боюнча: "Адептик-рухий тарбиянын мазмунуна: гуманизм, идеялуулук, жоопкерчиликтүүлүк, жарандуулук, эмгекти сүйүү, айкөлдүк, өзүн-өзү башкара билүү ж.б. кирет. Адептүүлүк – абийирдин мүмкүндүк берген чеги, ал эми адамдын аң-сезими жогорулап, жүрүм-туруму оңолсо, рухий өнүгүү башталат, анын чеги жок. Адамдын жакшы оюу, моралдык сезими бириккенде жакшы адептик аракети башталганда рухий дүйнөсү байыйт" Адептик-рухий тарбияга көңүл бөлүнгөн мектептин бүтүрүүчүлөрү коомду өнүктүрүүчү локомотив (кыймылдаткыч күч) сыяктуу болушат [14].

Кыргыз педагогдорунун эмгектеринде элдик педагогиканын баалуулуктары кеңири изилденген: Б. Апышев педагогика илимин кыргыз менталитетине жана этно-маданий баалуулуктарына ылайыкташтыруу зарылдыгын белгилеген; А. Акматалиев байыркы түрк адабиятынын негизги маселелерин изилдеп, анда жаштардын руханий-адептик тарбиясынын булактарын ачып көрсөткөн; А. Алимбеков жогорку педагогикалык билим берүүдө болочок мугалимдерди этнопедагогикалык жактан даярдоонун теориялык жана практикалык өзгөчөлүктөрүн негиздеген; Н.А. Асипова жаштардын улут аралык маданиятын калыптандыруу, маданияттаануучулук концепцияларга таянуу аркылуу адептик баалуулуктарды өздөштүрүү жолдорун талдаган; А.Т. Калдыбаева элдик акындардын чыгармаларындагы тарбия маселелерине өзгөчө көңүл бурган; С. Иптаров элдик педагогика менен илимий педагогиканын байланышын ачып, салттын коомду сактоодогу ролун белгилеп: «Салт жоголсо – эл жоголот» деген баалуу ойду айткан.

Элдик педагогика маселесине дүйнөлүк ойчулдар да чоң маани беришкен. И.Г. Песталоцци эне тилине, үй-бүлөлүк маданиятка жана элдик мектептерди түзүүгө негизделген билим берүү системасын сунуштаган. Ал эгер тарбия улуттук маданиятка негизделбесе,

адамдын жан дүйнөсү жасалмалуулукка толуп калат деп көрсөткөн. В.М. Соловьев «элдин адеп-ахлагынын башталышы» деген эмгегинде үй-бүлөлүк педагогиканын прогрессивдүү белгилерин – улууларды урматтоо, кичүүлөргө ызат көрсөтүү, үй-бүлөнүн намысын коргоо жана тарыхын үйрөтүү сыяктуу баалуулуктарды атаган.

Башталгыч класстардын окуучуларынын этномаданий компетенттүүлүгүн адабий көркөм чыгармалар аркылуу жогорку даражада калыптандыруу үчүн аларга жогорку окуу жайларында ошол багытта даярдоо ишмердүүлүгүн туура уюштуруу зарыл. «Мугалимдердин этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу дегенде эң оболу бул маселедеги эки нерсени – «этномаданий» жана «компетенттүүлүк» түшүнүктөрүн ачык тактап кеткенибиз оң. Бул эки түшүнүктөрдүн орчундуусу жана Кыргызстандагы таалим-тарбия процессинин жалпы багытына, мазмунуна, билим берүү жана окутуу технологияларына түздөн-түз таасир этүүчү социалдык жана маданий феномен катары «этномаданият» түшүнүгүнө токтолмокчубуз. «Этномаданият» феномени өзүнүн түпкү маанисинде коомдук өсүп-өнүгүүнүн ажырагыс руханий көрсөткүчтөрү болуп эсептелген эки түшүнүктүн – «этнос – улут» жана «маданиятты» өз ичине камтып турат. Бул эки түшүнүктүн ортосунда кайсы гана коом болбосун анын тарыхый өсүп-өнүгүүсүн шарттап турган кылымдардан бери келе жаткан биримдик жатат. Себеби бардык коомдук түзүлүштөрдө алардын тарыхый өсүп-өнүгүүсүнүн көрсөткүчү катары ар дайым маданият эсептелген. Латынча «маданият» «culture» деген сөз менен берилип, түпкү маанисинде табигый натуралдуу нерсени кайрадан иштетүү же маданиятташтыруу дегенди билдирет. Маданиятташтырылгандан кийин пайда болгон нерсе мурдагы табигый абалына караганда алда канча жакшырган, өзгөргөн абалга келип, жаңыча кызмат кыла башташы күтүлөт. Руханий маданияттын (илим, билим, тарбия, алеп-ахлак эрежелери, адабият ж.б.) жетишкендиктерин түздөн түз өлчөп же баалоо кыйындыкка турганы менен андай руханий дөөлөттөрсүз коомдук өсүп-өнүгүүнү, өзгөчө жаштарга туура тарбия берүүнү элестетүү кыйын» [36]. Демек, этномаданий, этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр:

- таалим-тарбия процессинин жалпы багытына;
- мазмунуна;
- окутуу технологияларына таасир этет;
- ал социалдык феномен;
- ал маданий феномен ж.б.

Жалпысынан булар этномаданий, этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдүн көп кырдуулугун, татаалдыгын шарттоочу көрүнүштөр. Этномаданий компетенттүүлүк тууралуу А.Алимбеков пикири төмөндөгүдөй: «Түпкүлүгүндө универсалдуу идеалдарды этномаданий бөтөнчөлүктөр менен айкалыштыруу жаштардын «өз ата мекенинде бөтөн адам» болуп калбашын камсыз кылат, жеке адамдын, ошондой эле бүтүндөй этностун өзүнө таандык рухий, маданий автономдуулугунан ажырап, ара жолдо калбашына бөгөт коюп, дүйнөлүк цивилизациянын теңтайлаш субъекти катары өнүгүп, калыптанышына өбөлгө болот. Педагогика илиминин алп аалымы Г.Н. Волков таамай белгилегендей, «Эс-тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт». Ошондой болсо да, азыркыга чейин мектеп окуучусунун «Этномаданий компетенттүүлүгү» деген түшүнүктүн маани-маңызы, мазмундук түзүмү айкындалып иштелип чыга элек. Биздин оюбузча, «Этномаданий компетенттүүлүк» – бул тарыхый эс-тутуму, инсандык наркнускасы жетик, өз улутунун рухий дөөлөттөрүнө

сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү дымагы жогору, өзүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим-туйгулары, жүрүм-туруму менен айырмаланган окуучунун инсандык сапаттарынын көрсөткүчтөрү. Окуучулардын этномаданий сапаттары – анын негизги компетенцияларынын ажырагыс звеносу, компоненти.

Этнопедагогика илиминин негиздөөчүлөрүнүн бири Г.Н. Волков болгон. Ал элдик педагогиканы «тарыхый тажрыйбага таянган, этностун жаш муундарды тарбиялоо боюнча жалпы билимдеринин, көз караштарынын, салттарынын системасы» деп аныктаган. Волковдун ой жүгүртүүсүндө:

- Элдик педагогика – элдин педагогикалык маданиятынын жүрөгү;
- Салт жана тарбиянын биримдиги аркылуу этностук социалдаштыруу;
- Ата-эне – эң биринчи тарбиячы;
- Элдик педагогика – улуттук иденттүүлүктү сактоонун негизи.

П.А.Якушевдин пикиринде салттуу баалуулуктарга «жогорку өзгөрүлбөстүк жана туруктуулук мүнөздүү б.а. көптөгөн муундар үчүн өз маанисин сактап калат. Ошол сыпаты менен социалдык нормалардын баштапкы аксиологиялык алкагы, булагы катары ортого чыгат. П.А.Якушев аларды «көз карандысыз универсалдуу түбөлүктүү цивилизациялык баалуулуктар» деп аныктайт. Ошентип, салттуу баалуулуктар бир жагынан маданий-тарыхый мурастарга жана турмуштук тажрыйбага негизделсе, экинчи жагынан элдин жаңы муундарынын дүйнө таанымында сөзсүз түрдө кайра жаралып жаткан баалуулуктар. Ошол эле учурда «салттуу баалуулуктар бара бара бекемделип күчтөнүшү да, мааниси азайып алсызданышы" да мүмкүн. Салттуу баалуулуктардын барлыгын жана иштешин анын структуралык элементтери (адат, ырым-жырым, каада-салт) – жүрүмтурумдун белгилүү маданий нормалары камсыз кылат

Кыргыздардын балдарды адеп ахлакка тарбиялоого байланышкан акыл ойлору жана тажрыйбалары көп тармактуу руханий мурастарда катталган мазмуну боюнча бай жана татаал этномаданий комплекс болуп саналат. Анын курамы балдарды улуттун улут, элдин эл катары толук кандуу социалдык организм катары жашашын шарттаган кыргыздардын маданиятынын менталдык коду катары байыртан өзөк алып өнүгүп келген көп кылымдык руханий - практикалык тажрыйбалардын алып жүрүүчүсү, улантуучусу катары калыптоого багытталган баалуулуктардан турат. Ырасында эле кыргыз маданиятынын өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн кеңири алкакта изилдеп, иргеп салыштыра келсек анын ядросун балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо тажрыйбалары түзөөрү ачыкка чыгат. Бул баалуулук А. Алимбековдун пикиринде "...жаштардын адепнарктуулугунун жакшы таалим тарбия алгандыгынын эң негизги натыйжасы катары каралган" [4, 24]. Муну биз тарабынан талдоого алынган материалдар да ырастайт. Улууларды урматтоо көчмөн кыргыз коомунунун адептик-этикалык нормаларын өз ичине синтездеген баалуулук. «Улууларды сыйлоо» деген сөз айкашы өз ичине улууларга карата сылык, ыкластуу, назик мамиле кылууга багытталган руханий ишеним ынанымдарга негизделип реалдуу иш-аракеттер менен тастыкталган, коом тарабынан эң башкы эреже катары кабылданган адептик баалуулуктардан турат. Башкача айтканда, улууларды сыйлоо социалдык институт катары – бул коомдун улуу өкүлдөрүнө сылык-сыпаа, кунт коюп, назик мамиле жасоого үндөгөн жана бул мамилелердин ырааттуу түрдө муундан муунга өтүшүн камсыз кылган жамааттык жашоонун бир формасы болгон.

Кыргыз элдик түшүнүгүндө баланы эң биринчи тарбиячы – ата менен эне. Энелердин баланы сүйүүсү мээрим менен катар аны элдик салттарга ылайык тарбиялоо мээнети менен өлчөнгөн. Эненин уулуна берген батасы («Калкым деп чыксаң аттанып, кантип жолуң

тосоюн») – баланы коом үчүн кызмат кылууга үндөгөн тарбиялык принцип. Манас эпосундагы тарбиялык идеялар – баланы устатка берүү (Акбалтага жөнөтүү) аркылуу элдик акылмандыкка тарбиялоо. Бул мисалдар башталгыч класстын окуучуларын тарбиялоодо макал-лакаптар, жомоктор, табышмактар, элдик оюндар аркылуу пайдаланууга мүмкүн.

Кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктары башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик тарбиялоонун теориялык негизи болуп саналат. Кыргыз жана дүйнөлүк педагогдордун изилдөөлөрү көрсөтүп тургандай, тарбиянын күчү элдин салтында, маданиятында жана үй-бүлөлүк тажрыйбасында. Элдик педагогиканы башталгыч мектеп программасына этнопедагогикалык материалдар аркылуу киргизүү – балдардын адептүүлүгүн, улуттук өзүн-өзү аңдоосун жана инсандык сапаттарын калыптандырууда маанилүү.

**Колдонулган адабияттар**


1. **Апышев Б.** Педагогиканын улуттук негиздери. – Бишкек, 2002.
2. **Акматалиев А.** Байыркы түрк адабияты жана тарбиялык мурастар. – Бишкек, 2008.
3. **Алимбеков А.** Этнопедагогиканын теориялык маселелери. – Бишкек, 2010.
4. **Асипова Н. А.** Жаштардын маданий баалуулуктарын калыптандыруу. – Бишкек, 2014.
5. **Волков Г. Н.** Этнопедагогика. – Чебоксары, 1974.
6. **Волков G. Н.** Народная педагогика. – Москва, 1999.
7. **Калдыбаева А. Т.** Элдик акындардын чыгармаларындагы тарбия идеялары. – Бишкек, 2012.
8. **Конституция Кыргызской Республики от 27 июня 2010 года** (в ред. закона КР от 28 декабря 2016 года). – Электрон. ресурс. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg.
9. **Закон Кыргызской Республики "Об образовании" от 30 апреля 2003 года** (в ред. от 14 августа 2020 года). – Электрон. ресурс. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg.
10. **Жумадилова Н. С.** Накыл кептердин дидактикалык ролу // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – № 2. – Б. 28–33.


**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Сегизбаева Н.К.**